коммуникативдик ыкмалар, санариптик ресурстар, мультимедиалык каражаттар жана онлайн платформалар студенттердин сабакка болгон кызыгуусун арттырып, кыргыз тилин практикада колдонуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Жасалма интеллектти туура пайдалануу мугалимдин ишин жеңилдетип, окуу материалдарын даярдоого, тапшырмаларды түзүүгө жана аларды студенттердин билим деңгээлине ылайыкташтырууга жардам берет.

Ошол эле учурда заманбап технологияларды колдонуу менен гана чектелбестен, окуу материалдарын жаңылоо, мугалимдердин кесиптик билимин өркүндөтүү жана колледждердин техникалык базасын жакшыртуу маанилүү. Кыргыз тилин окутууда улуттук баалуулуктарды, тарыхты, маданиятты жана адабий чыгармаларды камтыган материалдарды пайдалануу да студенттердин тилге болгон кызыгуусун арттырууга өбөлгө түзөт.

Демек, кыргыз тилин окутууда салттуу окутуунун пайдалуу жактарын заманбап ыкмалар жана жаңы технологиялар менен айкалыштыруу зарыл. Мындай мамиле студенттердин кыргыз тилинде эркин сүйлөөсүнө, өз оюн туура билдирүүсүнө жана мамлекеттик тилди келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүндө колдоно билүүсүнө шарт түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты: 2022-жылдын 10-майындагы № 863/1 буйрук менен бекитилген. – Каттоо № 8, код 200724.
2. Рысбаев С. К. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн технологиялары. – Бишкек: Кут-Бер, 2023. – 280 б.
3. Тапшынар М., Алимбеков А. Окутуунун жалпы методдору. – Бишкек: КТМУ, 2004. – 236 б.
4. Монуева М. А. Билим берүүдөгү жасалма интеллекттин мүмкүнчүлүктөрү // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. – 2024. – № 2 (5). – 105–110-бб.
5. Акматов Б. М., Мукамбетова А. С. Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы: теория жана практика. 1-китеп. – Бишкек: Полиграфресурсы, 2010. – 284 б.
6. Акматов Б. М., Мукамбетова А. С. Кыргыз тилин окутуунун инновациялык технологиясы: теория жана практика. 2-китеп. – Бишкек: Полиграфресурсы, 2010. – 256 б.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Чыманов Ж.А.

УДК: 30.428(575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-149-155

Максутова Ж.Ж., Закирова Б.А.
ОшМУ
Максутова Ж.Ж., Закирова Б.А.
ОшГУ
Maksutova Zh. Zh., Zakirova B. A.
OshSU

ORCID 0000-0003-4794-5733
ORCID 0000-0001-5186-3568

СТУДЕНТТЕРДИН СҮЙЛӨӨ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ТИЛДИК КАРАЖАТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ (A2, B1, B2, C1 ДЕҢГЭЭЛДЕРИНИН МИСАЛЫНДА)

НЕКОТОРЫЕ МЕТОДЫ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ЯЗЫКОВЫХ СРЕДСТВ В ФОРМИРОВАНИИ РЕЧЕВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СТУДЕНТОВ (НА ПРИМЕРЕ УРОВНЕЙ A2, B1, B2, C1)

SOME METHODS OF USING LANGUAGE RESOURCES IN DEVELOPING STUDENTS' SPEECH ACTIVITY (BASED ON A2, B1, B2, AND C1 LEVELS)

Кыскача мүнөздөмө: Макалада студенттердин сүйлөө ишмердүүлүгүн калыптандырууда лексикалык, грамматикалык, фонетикалык жана коммуникативдик-прагматикалык тилдик каражаттарды деңгээлдик негизде колдонуу маселеси каралат. A2, B1, B2 жана C1 деңгээлдеринин коммуникативдик мүмкүнчүлүктөрү, аларга ылайык окутуунун ыкмалары жана тапшырмалары системалаштырылат. CEFRдин дескрипторлору менен «Кыргызтест» системасындагы деңгээлдердин байланышы түшүндүрүлүп, «Сүйлөө» субтестинин тапшырмалары менен окутуу практикасындагы көнүгүүлөрдүн өз ара шайкештиги көрсөтүлөт. Ош мамлекеттик университетинде жүргүзүлгөн чакан байкоонун натыйжалары да методикалык сунуштарды негиздөө үчүн пайдаланылды.

Аннотация: В статье рассматривается использование лексических, грамматических, фонетических и коммуникативно-прагматических языковых средств на уровневой основе при формировании речевой деятельности студентов. Систематизированы коммуникативные возможности уровней A2, B1, B2 и C1, соответствующие им методы обучения и задания. Объясняется соотношение дескрипторов CEFR с уровнями системы «Кыргызтест», а также показано соответствие заданий субтеста «Говорение» упражнениям, используемым в практике обучения. Результаты небольшого наблюдения, проведённого в Ошском государственном университете, также использованы для обоснования методических рекомендаций.

Abstract: The article examines the level-based use of lexical, grammatical, phonetic, and communicative-pragmatic language resources in developing students' speech activity. The communicative capabilities of A2, B1, B2, and C1 levels, along with the corresponding teaching methods and tasks, are systematized. The relationship between CEFR descriptors and the levels of the Kyrgyztest system is explained, and the correspondence between the tasks of the Speaking subtest and the exercises used in teaching practice is demonstrated. The results of a small-scale observation conducted at Osh State University are also used to substantiate the methodological recommendations.

Негизги сөздөр: сүйлөө ишмердүүлүгү; тилдик каражаттар; деңгээлдик окутуу; CEFR; «Кыргызтест»; коммуникативдик компетенттүүлүк; лексикалык минимум; диалог; монолог.

Ключевые слова: речевая деятельность; языковые средства; уровневое обучение; CEFR; «Кыргызтест»; коммуникативная компетентность; лексический минимум; диалог; монолог.

Keywords: speech activity; language resources; level-based instruction; CEFR; Kyrgyztest; communicative competence; lexical minimum; dialogue; monologue.

Киришүү. Сүйлөө маданияты адамдын коммуникативдик компетенттүүлүгүнүн маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. Студенттин сүйлөө деңгээли тилдик каражаттарды туура, так, кырдаалга жана максатка ылайык колдонушу, адабий нормаларды сакташы, оюн ырааттуу билдириши жана маектеш менен натыйжалуу өз ара аракеттениши аркылуу көрүнөт. Сүйлөө ишмердүүлүгү, сүйлөшүү процесси жана коммуникативдик компетенттүүлүк өз ара байланышта каралып, жогорку окуу жайдагы тил окутуунун практикалык багытын аныктайт [1]. Макалада негизги термин катары «сүйлөө ишмердүүлүгү» колдонулду. «Кеп» түшүнүгү сүйлөөдө ишке ашкан тилдик продуктуну же коммуникативдик материалды белгилөөдө, ал эми «сүйлөө ишмердүүлүгү» тилди колдонуу процессин белгилөөдө колдонулат. Орусча «речевая деятельность», «речевой» деген терминдердин ордуна кыргызча «сүйлөө ишмердүүлүгү», «кептик» же контекстке жараша «сүйлөө» деген бирдиктүү терминология сакталды.

CEFR тил билүү деңгээлдерин сүрөттөгөн жана тил программаларын, окутуу материалдарын жана баалоону уюштурууга негиз болгон жалпы алкак болуп саналат [2]. Ал деңгээлдерди «эмнени билүүгө тийиш» деген мазмундук тизмеден көрө, тил үйрөнүүчүнүн белгилүү коммуникативдик аракеттерди аткара алуу мүмкүнчүлүгүн сүрөттөгөн дескрипторлор аркылуу мүнөздөйт. Ошондуктан

тилдик каражаттарды тандоодо алардын өзүнчө грамматикалык объект катары эмес, белгилүү сүйлөө аракетин камсыз кылган функционалдык ресурс катары берилиши маанилүү.

Изилдөөнүн максаты жана материалдары. Изилдөөнүн максаты – A2, B1, B2 жана C1 деңгээлдеринде студенттердин сүйлөө ишмердүүлүгүн калыптандырууда колдонулуучу тилдик каражаттарды, окутуу ыкмаларын жана тапшырмаларды системалаштырып, аларды «Кыргызтесттин» «Сүйлөө» субтестинин талаптары менен байланышта көрсөтүү.

Изилдөөдө теориялык талдоо, салыштыруу, системалаштыруу жана окуу-методикалык материалдарды талдоо ыкмалары колдонулду. Мындан тышкары, 2024–2025-окуу жылында Ош мамлекеттик университетинин 1-курсунун 17 студенти катышкан чакан байкоонун маалыматтары пайдаланылды. Студенттер мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоочу «Кыргызтесттин» лексика-грамматика, окуп түшүнүү, угуп түшүнүү, жазуу жана сүйлөө субтесттерин тапшырышкан; 9 студент сертификат алган, 8 студент жазуу жана сүйлөө бөлүктөрү боюнча талапка жеткен эмес. Бул көрсөткүчтөр белгилүү топтун жергиликтүү натыйжасы гана болуп, жалпы студенттердин тил билүү деңгээли жөнүндө статистикалык тыянак чыгарууга негиз болбойт.

«Кыргызтест» системасы кыргыз тилин билүү деңгээлин баалоо үчүн колдонулат жана анын деңгээлдери эл аралык деңгээлдик шкалага, анын ичинде CEFRдеги A1–C2 баскычтарына шайкеш келтирилген. «Кыргызтесттин» расмий материалдарында A2 – базалык/жөнөкөй, B1 – орто, B2 – ортодон жогорку, C1 – жогорку деңгээл катары берилет [3–5]. Демек, макаладагы CEFR деңгээлдери менен «Кыргызтест» деңгээлдери өзүнчө эки башка баскыч катары эмес, тил билүүнүн бирдей деңгээлдик белгилери катары салыштырылып каралат. Ошол эле учурда CEFR – эл аралык сүрөттөөчү алкак, ал эми «Кыргызтест» – Кыргызстанда мамлекеттик тилди билүүнү баалоого багытталган улуттук система.

«Кыргызтесттин» расмий материалдарында деңгээлдер боюнча сүйлөө тапшырмалары да өзүнчө көрсөтүлгөн. A2 деңгээлинде аудиосуроолорго жооп берүү жана тааныш темалар боюнча 2–3 мүнөттүк оозеки баяндоо талап кылынат; B1, B2 жана C1 деңгээлдеринде угулган маалыматты түшүнүп айтып берүү жана берилген тема боюнча болжол менен 2 мүнөт сүйлөө каралат [6]. Бул тапшырмалар CEFRдеги жалпы оозеки өндүрүш жана өз ара аракеттенүү дескрипторлору менен мазмундук жактан үндөшөт: A2де жөнөкөй байланышкан сүйлөмдөр, B1де тааныш теманы ырааттуу баяндоо, B2де кеңири темада системалуу жана деталдуу баяндоо, C1де татаал теманы деталдуу иштеп чыгуу жана ойду жыйынтыктоо талап кылынат [2].

Сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө төрт топтогу тилдик каражатты өз ара байланышта кароо максатка ылайык: 1) лексикалык; 2) грамматикалык; 3) фонетикалык; 4) коммуникативдик-прагматикалык каражаттар. Лексикалык каражаттар сөз байлыгын жана тематикалык бирдиктерди кеңейтүүгө; грамматикалык каражаттар ойду туура түзүүгө; фонетикалык каражаттар айтылышты, сөз басымын, интонацияны жана паузаны калыптандырууга; коммуникативдик-прагматикалык каражаттар диалогду уюштырууга, сүйлөө этикетин жана пикир билдирүүнүн стратегияларын колдонууга кызмат кылат.

Лексикалык минимум деңгээлдик окутуунун маанилүү таянычы болуп саналат. «Кыргызтесттин» расмий маалыматында A2 деңгээли үчүн 1300, B1 үчүн 3000, B2 үчүн 3000, C1 үчүн 6000ге жакын активдүү сөз бирдиги көрсөтүлөт [7–10]. Бул сандарды студент сөзсүз жаттап чыгууга тийиш болгон механикалык тизме катары эмес, деңгээлге ылайык баарлашууну камсыз кылган багыт берүүчү көрсөткүч катары түшүндүрүү зарыл.

A2 деңгээлинде окутуунун негизги максаты – студентти күнүмдүк жана социалдык-маданий чөйрөдөгү тааныш кырдаалдарда жөнөкөй суроого жооп берүүгө, өзүн, үй-бүлөсүн, окуусун, жашаган жерин жана күнүмдүк иш-аракетин сүрөттөөгө үйрөтүү. CEFR боюнча бул деңгээлде адамдар, жашоо шарттары, күнүмдүк тартип, жактырган-жактырбаган нерселер тууралуу жөнөкөй байланышкан сүйлөмдөр менен кыскача айтып берүү мүмкүнчүлүгү баса белгиленет [2].

Бул баскычта имитациялык көнүгүүлөр, сүйлөө үлгүсү боюнча аналогия түзүү, суроо-жооп, сүрөт боюнча сүйлөм түзүү, даяр диалогду өзгөртүү сыяктуу ыкмалар натыйжалуу. Мисалы: «Сен

университетке эмне менен келесиң? – Автобус менен» деген үлгү аркылуу студент «мектепке», «ооруканага», «китепканага» сыяктуу жаңы сөздөрдү киргизип, конструкцияны өз алдынча колдонууга өтөт. Тилдик көнүгүүдөн кийин кыска коммуникативдик тапшырма берилүүгө тийиш [11].

B1 деңгээлинде студент тааныш темалар боюнча салыштырмалуу эркин сүйлөп, окуяны же тажрыйбаны ырааттуу баяндап, жөнөкөй себеп-натыйжа байланышын түзө баштайт. «Кыргызтесттин» B1 деңгээлиндеги сүйлөө тапшырмаларында угулган маалыматты түшүнүп айтып берүү жана «Менин балалыгым», «Менин пландарым», «Үй-бүлөдөгү милдеттерим», «Мага жаккан кесиптер» сыяктуу темалар боюнча 2 мүнөттөй оозеки баяндоо сунушталат [6].

Бул деңгээлде даярдоочу диалогдордон ролдук оюндарга, даяр текстти кайра айтып берүүдөн өз алдынча баяндоого, салыштыруу жана себеп келтирүү тапшырмаларына өтүү керек. Тилдик каражат катары өткөн, учур жана келер чак формалары, себептик жана шарттык байланыштар, бир өңчөй мүчөлөр, салыштырма конструкциялар, тематикалык сөз айкаштары максаттуу колдонулат.

B2 деңгээлинде студент өзүнүн кызыкчылык чөйрөсүнө жана кесиптик багытына байланышкан кеңири темаларда системалуу, салыштырмалуу деталдуу сүйлөй алууга тийиш. CEFRде бул деңгээлде маанилүү ойлорду бөлүп көрсөтүп, аларды тиешелүү далилдер жана мисалдар менен колдоо жөндөмү белгиленет [2]. «Кыргызтесттин» B2 сүйлөө темаларына «Адилеттүүлүк», «Кесипкөйлүк», «Сабаттуулук», «Адамгерчилик», «Кайраттуулук» сыяктуу абстракттуу түшүнүктөр кирет [6].

Бул баскычта проблемалык суроо, талкуу, дебат, кейс, ролдук оюн, маалыматты кыскача презентациялоо, аргумент келтирүү жана каршы пикирге жооп берүү ыкмалары колдонулат. Мисалы, медицина багытындагы студенттерге «Дарыгер менен бейтаптын эффективдүү коммуникациясы», «Профилактиканын мааниси» сыяктуу темаларда тезис–далил–мисал–жыйынтык структурасы боюнча сүйлөө тапшырмасын берүү ылайыктуу.

C1 деңгээлинде студент татаал темалар боюнча деталдуу баяндама жасап, бир нече кошумча теманы өз ара байланыштырып, негизги оюн так бөлүп көрсөтүп, аргументтерин кеңейтип жана тиешелүү жыйынтык менен аяктай алышы керек [2]. «Кыргызтесттин» C1 деңгээлинде угулган маалыматты түшүнүп айтып берүү жана «Жоомарттык», «Улутмандык», «Саяпкерчилик», «Устатчылык», «Атуулдук ариет» сыяктуу абстракттуу темаларда оозеки баяндоо сунушталат [6].

Бул деңгээлде проблеманы көп кырдуу талдоо, позицияларды салыштыруу, аргументтерди иерархиялоо, контраргумент келтирүү, импровизациялык презентация, академиялык талкуу жана кесиптик кырдаалды моделдөө сыяктуу тапшырмалар натыйжалуу. Тилдик каражаттар катары татаал синтаксистик конструкциялар, абстракттуу жана кесиптик лексика, стилистикалык жактан ылайыктуу сөз тандоо, дискурстук байланыштыргычтар жана аргументациялык формулалар системалуу колдонулат.

1-таблица. A2–C1 деңгээлдеринде тилдик каражаттарды, окутуу ыкмаларын жана тапшырмаларды системалаштыруу

Көрсөткүч	A2	B1	B2	C1
Коммуникативдик максат	Тааныш кырдаалда жөнөкөй маалымат берүү жана суроого жооп берүү	Тааныш теманы ырааттуу баяндоо, тажрыйба жана пландар тууралуу айтуу	Кеңири теманы системалуу баяндоо, себеп келтирүү жана аргументтөө	Татаал теманы деталдуу талдоо, позицияларды салыштыруу жана жыйынтыктоо
Негизги тилдик каражаттар	Күнүмдүк лексика; жөнөкөй сүйлөмдөр;	Тематикалык лексика; чак формалары; байланыштыргычтар; себептик жана	Абстракттуу жана кесиптик лексика; татаалыраак синтаксистик	Абстракттуу, академиялык жана кесиптик лексика; татаал

	жак, чак, таандык мүчөлөр; интонация	шарттык конструкциялар	конструкциялар; аргументациялык каражаттар	синтаксистик конструкциялар; стилистикалык жактан ылайыктуу сөз тандоо
Окутуу ыкмалары	Имитация, сүйлөө үлгүсү, суроо-жооп, сүрөт боюнча сүйлөм түзүү, даяр диалог	Ролдук оюн, даяр текстти кайра баяндоо, аналогия, салыштыруу	Дебат, кейс, проблемалык тапшырма, мини-презентация, талкуу	Академиялык талкуу, импровизация, аргумент картасы, презентация, кесиптик кырдаалды моделдөө
Типтүү тапшырмалар	«Өзүм жөнүндө», «Мен жашаган жер», багыт суроо, сатып алуу, кечирим суроо жана өтүнүч билдирүү	«Менин пландарым», «Балалыгым», окуяны баяндоо, себеп келтирүү	«Кесипкөйлүк», «Адилеттүүлүк», кесиптик кейс, тезис–далил–мисал	Абстракттуу түшүнүктү талдоо, контраргумент келтирүү, презентация, жыйынтык чыгаруу
«Кыргызтесттин» «Сүйлөө» субтестинин форматы	10 суроого жооп берүү; тема боюнча 2–3 мүнөт сүйлөө	Угулган маалыматты айтып берүү; тема боюнча болжол менен 2 мүнөт сүйлөө	Угулган маалыматты айтып берүү; тема боюнча болжол менен 2 мүнөт сүйлөө	Угулган маалыматты айтып берүү; тема боюнча болжол менен 2 мүнөт сүйлөө

Сүйлөө ишмердүүлүгүн калыптандырууда көнүгүүлөрдү жөнөкөйдөн татаалга карай уюштуруу принциби сакталууга тийиш. Адегенде студент жаңы тилдик форманы таанып, үлгү боюнча кайталайт; андан кийин аны өзгөртүп, башка сөздөр менен айкалыштырат; акырында өз алдынча коммуникативдик кырдаалда колдонот. Мындай ырааттуулук тилдик форма менен маңыздын байланышын сактоого мүмкүндүк берет [11].

A2де «үлгү → аналогия → кыска диалог»; B1де «текст → кайра баяндоо → өз алдынча баяндоо»; B2де «проблема → тезис → далил → каршы пикир → жыйынтык»; C1де «проблеманы аныктоо → позицияларды салыштыруу → аргументация → контраргумент → корутунду» сыяктуу тапшырма чынжырларын колдонуу деңгээлдердин ортосундагы сапаттык айырмачылыкты ачык көрсөтөт.

Талдоонун натыйжасында деңгээл өскөн сайын негизги өзгөрүү сөздөрдүн санын көбөйтүү менен гана чектелбестен, студенттин сүйлөө аракетинин татаалдашы менен байланыштуу экени аныкталды. A2де негизги көңүл маалыматты түшүнүктүү жана туура берүүгө, B1де ойду ырааттуу баяндоого, B2де аргументтерди уюштурууга, C1де татаал мазмунду түзүмгө салып, стилдик жактан ылайыктуу формада берүүгө бурулат. Демек, бир эле көнүгүүнү бардык деңгээлде өзгөрүүсүз колдонуу максатка ылайык эмес.

Ошондой эле «Кыргызтесттин» сүйлөө тапшырмалары окутуудагы коммуникативдик тапшырмаларды долбоорлоодо практикалык багыт берүүчү көрсөткүч боло алат. Бирок тесттик

тапшырманын өзү окутуунун толук методикасын алмаштырбайт. Окутуу процессинде угуу, окуу, жазуу жана сүйлөө ишмердүүлүктөрүн интеграциялап, ар бир деңгээлде лексикалык жана грамматикалык материалды коммуникативдик максат менен байланыштыруу зарыл.

Жыйынтык. Изилдөөдө студенттердин сүйлөө ишмердүүлүгүн калыптандырууда тилдик каражаттарды деңгээлдик негизде тандоо жана колдонуу зарылдыгы негизделди. A2, B1, B2 жана C1 деңгээлдеринин ар бири өзүнө тиешелүү коммуникативдик максат, тилдик ресурс, окутуу ыкмасы жана тапшырма системасы менен мүнөздөлөрү көрсөтүлдү. A2де тааныш кырдаалда жөнөкөй маалымат берүү жана суроого жооп берүү, B1де ырааттуу баяндоо, B2де системалуу аргументтөө жана кесиптик коммуникация, C1де татаал теманы деталдуу иштеп чыгуу жана аргументтүү жыйынтыктоо негизги багыт катары аныкталды.

CEFR менен «Кыргызтесттин» байланышын талдоо алардын деңгээлдик белгилери өз ара шайкеш келерин көрсөттү: «Кыргызтест» улуттук баалоо системасы катары кыргыз тилин билүүнү A1–C2 деңгээлдеринде баалайт, ал эми CEFR тил билүүнү сүрөттөө жана дескрипторлор аркылуу окутуу менен баалоону уюштуруу үчүн жалпы европалык алкак болуп саналат. Ошондуктан макалада CEFRдин дескрипторлору деңгээлдердин сапаттык айырмасын түшүндүрүүдө, ал эми «Кыргызтесттин» расмий талаптары жана сүйлөө тапшырмалары практикалык тапшырмаларды конкреттештирүүдө пайдаланылды.

Методикалык жактан тилдик көнүгүүлөрдөн коммуникативдик тапшырмаларга ырааттуу өтүү, даяр үлгүдөн өз алдынча сүйлөөгө, андан кийин аргументтүү жана импровизациялык сүйлөөгө өтүү окутууну натыйжалуу уюштуруунун принциби катары сунушталды. Бул ыкма студенттин лексикалык жана грамматикалык билимин реалдуу сүйлөө аракетине айландырууга шарт түзөт. Ош мамлекеттик университетиндеги 17 студенттин катышуусундагы чакан байкоо сүйлөө жана жазуу компоненттеринде кошумча системалуу даярдыктын зарылдыгын көрсөткөн, бирок бул натыйжаны жалпы студенттерге жайылтуу үчүн кеңири тандалма жана статистикалык изилдөө талап кылынат.

Жыйынтыгында, деңгээлдик окутууда тилдик каражаттарды жөн гана грамматикалык темалар катары эмес, белгилүү коммуникативдик милдетти аткарууга кызмат кылган функционалдык ресурс катары уюштуруу студенттердин сүйлөө ишмердүүлүгүн системалуу өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындан аркы изилдөөлөрдө ар бир деңгээл боюнча диагностикалык тапшырмалардын натыйжалуулугун эксперименттик жол менен текшерүү жана кесиптик багыттарга ылайык сүйлөө тапшырмаларынын банктарын түзүү максатка ылайык.

Колдонулган адабияттар

1. Манаенкова М. П. Формирование речевой компетентности студентов неязыкового вуза: монография. – Мичуринск-наукоград: Изд-во Мичуринского ГАУ, 2018. – 120 с.
2. Council of Europe. Common European Framework of Reference for Languages: Learning, Teaching, Assessment – Companion Volume with New Descriptors. – Strasbourg: Council of Europe, 2020.
3. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси. Кыргызтест системасы: мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо боюнча ченемдик-укуктук документтер [Электрондук ресурс]. – URL: kyrgyztest.gov.kg/dengeelder
4. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси. Кыргыз тилин билүүнүн A2 деңгээлине коюлган талаптар [Электрондук ресурс]. – URL: talaptar_a2_kyrgyztest.pdf
5. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси. Кыргыз тилин билүүнүн B1 деңгээлине коюлган талаптар [Электрондук ресурс]. – URL: talaptar_b1_kyrgyztest.pdf
6. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси. «Сүйлөө» субтестинин деңгээлдер боюнча темалары [Электрондук ресурс]. – URL: kyrgyztest.gov.kg/sujloo-subtesttinin-temalary
7. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси. Лексикалык минимум A2 [Электрондук ресурс]. – URL: kyrgyztest.gov.kg/a2-leksikalyk-minimum
8. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси. Лексикалык минимум B1 [Электрондук ресурс]. – URL: kyrgyztest.gov.kg/v1-leksikalyk-minimum

9. «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси. Лексикалык минимум B2 [Электрондук ресурс]. – URL: kyrgyztest.gov.kg/v2-leksikalyk-minimum
10.«Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси. Лексикалык минимум C1 [Электрондук ресурс]. – URL: kyrgyztest.gov.kg/s1-leksikalyk-minimum
11.Култаева Ү. Б. Илимий эмгектердин алты томдук жыйнагы. V том. Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун методикасы. – Бишкек, 2018. – 296 б.
12.Рысбаев С. Деңгээлдик билим берүү технологиялары: кыргыз тили, адабияты мугалимдери үчүн колдонмо. – Толук. 2-басылышы. – Бишкек: MirAs print, 2023. – 160 б. – ISBN 978-9967-9436-1-2.
13.Леонтьев А. А., Королева Т. А. (ред.). Методика // Зарубежному преподавателю русского языка. – 3-е изд., испр. – Москва: Русский язык, 1982. – 112 с.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Каразакова З.Ж.

УДК 811.512.154'367
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-155-162

Маразыков Т.С.
Ж.Баласагын атындагы КУУ
Маразыков Т.С.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Marazykov T.S.
KNU Jusup Balasagyn

БИР ТУТУМДУУ ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДӨРДҮ КЛАССИФИКАЦИЯЛОО МАСЕЛЕСИ ТУУРАЛУУ
О ПРОБЛЕМЕ КЛАССИФИКАЦИИ ОДНОСОСТАВНЫХ ПРОСТЫХ ПРЕДЛОЖЕНИЙ
ON THE PROBLEM OF CLASSIFYING ONE-MEMBER SIMPLE SENTENCES

Кыскача мүнөздөмө: Макалада кыргыз тил илиминде буга чейин профессорлор А. Жапаров, А. Иманов жана филология илимдеринин доктору Б. Тойчубекова тарабынан жүргүзүлгөн бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн классификациясындагы айрым так эмес жана талаш туудурган маселелер конкреттүү фактылык материалдардын негизинде иликтөөгө алынып, кыргыз тилиндеги бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн жаңы классификациясы сунуш кылынды.

Аннотация: В статье на основе конкретного фактического материала исследуются некоторые неточные и спорные вопросы классификации односоставных простых предложений, проведенной ранее в кыргызском языкознании профессорами А. Жапаровым, А. Имановым и доктором филологических наук Б. Тойчубековой, и предлагается новая классификация односоставных простых предложений в кыргызском языке.

Abstract: Based on concrete factual material, the article examines some imprecise and controversial issues in the classification of one-member simple sentences previously conducted in Kyrgyz linguistics by Professors A. Zhaparov, A. Imanov, and Doctor of Philological Sciences B. Toychubekova, and proposes a new classification of one-member simple sentences in the Kyrgyz language.

Негизги сөздөр: сүйлөм; жөнөкөй сүйлөм; бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөм; бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн классификациясы; семантикалык критерий; сүйлөм структурасы; сүйлөмдүн баш мүчөлөрү; баяндоочтун аймагы.